**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**УЛУТТУК СТАТИСТИКА КОМИТЕТИ**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК СТАТИСТИКА КОМИТЕТИНИН ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАРДЫ ИШТЕТҮҮ САЯСАТЫ

Улутстаткомдун 2024-
жылдын 12-февралындагы
№13 буйругу менен
бекитилген

# Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин жеке маалыматтарды иштетүү Саясаты

## Мазмуну


1. Жалпы жоболор .................................................................................. 2

2. Жеке маалыматтарды чогултуунун жана иштетүүнүн укуктук негиздери2

3. Негизги терминдер, кыскартуулар жана аныктамалар.............................. 3

4. Жеке маалыматтарды чогултуу, иштеп чыгуу жана коопсуздугун камсыз кылуу принциптери........................................................................................ 4

5. Жеке маалыматтарды чогултуунун жана иштетүүнүн негизги максаттары ........................................................................................................... 6

6. Жеке маалыматтарды иштетүүнүн тартиби жана шарттары .................... 6

7. Улуттук статистика комитетинин негизги укуктары жана милдеттери... 7

8. Жеке маалыматтар субъекттеринин укуктары ........................................ 10

9. Иштетилүүчү жеке маалыматтардын көлөмү жана категориялары, жеке маалыматтар субъектилеринин категориялары.......................................... 11

10. Жеке маалыматтарды жаңылоо, оңдоо, өчүрүү жана жок кылуу ....... 12

11. Жеке маалыматтардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча чаралар. 13

12. Акыркы жоболор .................................................................................. 14

**1. Жалпы жоболор**

Бул жеке маалыматтарды иштеп чыгуу саясаты (мындан ары – Саясат) адамдын жана жарандын жеке маалыматтарын иштеп чыгууда анын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо максатында Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинде (мындан ары – Улуттук статистика комитети) жеке маалыматтарды иштеп чыгуу тартибин жана жеке маалыматтардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча чараларды аныктайт жана Улуттук статистика комитетинде жүргүзүлүүчү бардык жеке маалыматтар боюнча операцияларга жайылтылат.

**2. Жеке маалыматтарды чогултуунун жана иштетүүнүн укуктук негиздери**

2.1. Улуттук статистика комитети жеке маалыматтарды чогултуунун жана иштетүүнүн укуктук негиздери төмөнкүлөр болуп саналат:

– Кыргыз Республикасынын Конституциясы (2021-жылдын 11-апрелинде референдум менен кабыл алынган);

– Кыргыз Республикасынын Жарандык кодекси (I бөлүк) 1996-жылдын 8-майындагы №15; (II бөлүк) 1998-жылдын 5-январындагы №1;

– 2008-жылдын 14-апрелиндеги №58 Кыргыз Республикасынын " Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө" мыйзамы;

– 2007-жылдын 4-майындагы № 67 Кыргыз Республикасынын "Жарандардын кайрылууларын кароонун тартиби жөнүндө" Мыйзамы;

– 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамы;

– 2019-жылдын 8-июлундагы №82 Кыргыз Республикасынын "Расмий статистика жөнүндө" Мыйзамы;

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы №759 "Жеке маалыматтар субъектисинин жеке маалыматтарын чогултууга жана иштеп чыгууга макулдугун алуу тартибин бекитүү жөнүндө, жеке маалыматтар субъекттерине алардын жеке маалыматтарын үчүнчү тарапка берүү жөнүндө кабарлоо тартибин жана формасын бекитүү жөнүндө" токтому;

– Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 22-сентябрындагы № 178 Жарлыгы менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети жөнүндө» Жобо;

– Улуттук статистика комитети менен жеке маалыматтардын субъектилеринин ортосунда түзүлүүчү келишимдер.

## 3. Негизги терминдер, кыскартуулар жана аныктамалар

**Административдик маалыматтар** – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясына таандык милдеттерди жана иш-милдеттерди аткаруу максатында алар тарабынан чогултулуучу маалыматтар;

**Жеке маалыматтарды актуалдаштыруу** – Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген жол-жоболорго ылайык жеке маалыматтарга өзгөртүүлөрдү изин-суутпай киргизүү;

**Жеке маалыматтарга бөгөт коюу** - жеке маалыматтарды берүүнүн, тактоонун, колдонуунун жана жок кылынышын убактылуу токтотуу.

**Жеке маалыматтар массивин кармоочу (ээси)** - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жеке маалыматтардын чогултулушун, сакталышын, иштеп чыгышын жана пайдаланышын контролдогон, жеке маалыматтардын максатын жана категорияларын аныктоо ыйгарым укугу жүктөлгөн мамлекеттик бийлик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана юридикалык жактар;

**Жеке маалыматтардын тутуму** – маалымат базасында сакталган жеке маалыматтардын жана аларды иштетүүнү камсыз кылуучу маалымат технологияларынын жана техникалык каражаттардын жыйындысы;

**Жеке мүнөздөгү маалыматтар (жеке маалыматтар)** - конкреттүү адам жөнүндө материалдык сактоочулар жазылган маалымат, ал конкреттүү адам менен окшоштурулат же окшоштурулушу мүмкүн, ушул адамды түз же кыйыр анын биологиялык, экономикалык, маданий, жарандык же социалдык түрдүүлүгү үчүн анын биологиялык, экономикалык, маданий, жарандык же социалдык идентификация үчүн мүнөздүү болгон бир же бир нече факторлорго шилтеме жасоо жолу менен идентификациялоого мүмкүндүк берет; жеке маалыматка: өмүр баяны жана таанууга арналган маалыматтар, жеке мүнөздөмөлөр, үй-бүлөлүк абалы, каржылык абалы, ден соолугу ж.б. жөнүндө маалыматтар кирет;

**Жеке маалыматтар массиви** - маалыматты алып жүрүүчүнүн түрүнө жана аларды иштеп чыгууда колдонулган каражаттарга карабастан (архивдер, картотекалар, маалыматтардын электрондук базасы ж.б.) аныкталбаган сандагы субъекттердин жеке маалыматтары тариздеген жыйынды;

**Улуттук статистика комитети** – Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети;

**Жеке маалыматтарды ээсиздендирүү** - жеке маалыматтардан аларды конкреттүү адам менен окшоштурган бөлүгүн алып салуу;

**Жеке маалыматтарды иштеп чыгуу** - жеке маалыматтарды чогултуу, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу, топторго бөлүү, жаап коюу, өчүрүү же бузуу максатында автоматташкан каражаттар менен же андай болбогондо жеке маалыматтарды кармоочунун (ээсинин) тапшырмасы-боюнча ыкмага карабай аткарылган операциялар топтому же ар кандай операция;

**Жеке маалыматтарды өткөрүп берүү** - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана эл аралык келишимдерге ылайык жеке маалыматтарды кармоочу (ээси) тарабынан үчүнчү жактарга жеке маалыматтарды өткөрүп берүү;

**Жеке маалыматтардын купуялуулук режими** - жеке маалыматтарга жетүү аларды өткөрүп берүү, көрсөтүү жана сактоо шарттарынын чектелишин аныктаган ченемдик жактан белгиленген эрежелер;

**Жеке маалыматтарды чогултуу** - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жеке маалыматтар массивин кармоочу (ээси) тарабынан ошол маалыматтардын субъектинен же башка булактардан мыйзамдуу негизде жеке маалыматтарды алуу жолжобосу;

**Жеке маалыматтар субъектинин макулдугу** – Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» мыйзамында каралган формада адамдын таризде эркин, конкреттүү, сөзсүз жана түшүнүү менен өз эркин билдирүүсү, ага ылайык субъект өзүнүн жеке маалыматтары менен иш жүргүзүү аркылуу байланышкан жол-жоболорду аткарууга макулдугун бергендиги жөнүндө билдирүүсү;

**Жеке маалыматтар субъекти (субъект)** - тиешелүү жеке маалыматтар таандык болгон адам;

**Жеке маалыматтар боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган (мындан ары - ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган)** - жеке маалыматтарды иштеп чыгууну Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» мыйзамдын талаптарына ылайык келтирүүнү, жеке маалыматтардын субъекттеринин (субъекттердин) укуктарын коргоону, жеке маалыматтардын массивин кармоочуларды (ээлерин) каттоону, жеке маалыматтардын массивин кармоочулардын реестрин жүргүзүүнү, Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» мыйзамда көрсөтүлгөн башка милдеттерди, функцияларды жана ыйгарым укуктарды камсыз кылуу боюнча функцияларды жана ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруучу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетини тарабынан ыйгарым укук берилген мамлекеттик орган;

**Жеке маалыматтарды жок кылуу (өчүрүү же бузуу)** - жеке маалыматтарды кармоочунун (ээсинин) ошол маалыматтарды калыбына келтирилбес абалга жеткирүү боюнча аракети.

## 4. Жеке маалыматтарды чогултуу, иштеп чыгуу жана коопсуздугун камсыз кылуу принциптери

4.1 Улуттук статистика комитетинде жеке маалыматтарды чогултуу, иштеп чыгуу жана коопсуздугун камсыз кылуу төмөнкү принциптердин негизинде жүзөгө ашырылат:

- мыйзамдуулук жана адилеттүүлүк негиздеринде;
- жеке маалыматтардын купуялуулугун сактоо;

– жеке маалыматтарды иштетүүнү белгилүү бир, алдын ала аныкталган жана мыйзамдуу максаттарга жетишүүгө чектөө;

– жеке маалыматтарды чогултуу максаттарына шайкеш келбеген жеке маалыматтарды иштетүүгө тоскоолдук кылуу;

– кайра иштетүү бири-бирине туура келбеген максаттарда ишке ашырылган жеке маалыматтарды камтыган маалыматтар массивинин бириктирүүгө жол бербөө;

– иштетүү максаттарына жооп берген жеке маалыматтарды гана иштетүү;

– иштелип чыккан жеке маалыматтардын мазмунунун жана көлөмүнүн иштеп чыгуунун белгиленген максаттарына ылайык келүүсү;

– көрсөтүлгөн максаттарга карата ашыкча жеке маалыматтарды иштетүүгө жол бербөө максатында;

– жеке маалыматтарды иштетүү максаттарына карата жеке маалыматтардын тактыгын, жетиштүүлүгүн жана маанилүүлүгүн камсыз кылуу;

– жеке маалыматтарды иштеп чыгуу максаттарына жетишүү же бул максаттарга жетүү зарылдыгы жоготулган учурда, эгерде мыйзамда башка жол менен берилбесе, жок кылуу же ээсиз кылуу.

4.2. Жеке маалыматтар Улуттук статистика комитети тарабынан төмөнкү максаттарда иштетилет:

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен Улуттук статистика комитетине жүктөлгөн функционалдык ыйгарым укуктарын жана милдеттерин ишке ашырууга;

– Улуттук статистика комитетинин кызматкерлери менен эмгек мамилелерин жөнгө салууга (ишке орноштурууга, окутууга жана көтөрүлүүгө көмөк көрсөтүүдө, жеке коопсуздукту камсыз кылууда, аткарылган иштердин санына жана сапатына мониторинг жүргүзүүдө, мүлктүн сакталышын камсыз кылууда);

– Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 22-сентябрындагы № 178 Жарлыгы менен бекитилген «Улуттук статистика комитети жөнүндө» Жободо каралган иштин түрлөрүн жүзөгө ашыруунун алкагында Улуттук статистика комитетинин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын ишке ашыруу максатында коомдук маанилүү максаттарга жетүү үчүн;

– жеке маалыматтар субъекттеринин турмуштук маанилүү кызыкчылыктарын коргоого;

– Улуттук статистика комитетинин ишин камсыз кылуу үчүн маалыматтык материалдарды түзүүгө;

– статистикалык максаттарга жетүүгө, жеке же юридикалык жактарды аныктоого мүмкүндүк берүүчү идентификаторлорсуз расмий статистиканы өндүрүүгө жана жайылтууга;

– башка мыйзамдуу максаттар үчүн.

## 5. Жеке маалыматтарды чогултуунун жана иштетүүнүн негизги максаттары

Жеке маалыматтар Улуттук статистика комитети тарабынан төмөнкү алдын ала аныкталган жана мыйзамдуу максаттарда иштетилет:

– расмий статистиканы жана башка статистикалык максаттарды өндүрүү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен Улуттук статистика комитетине жүктөлгөн башка функциялык ыйгарым укуктарды жана милдеттерди ишке ашыруу үчүн;

– Кыргыз Республикасынын "Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө" мыйзамын ишке ашыруунун алкагында жоопторду даярдоо;

– ченемдик укуктук актыларга ылайык иш кагаздарын жүргүзүү;

– ченемдик укуктук актыларда белгиленген тартипте Улуттук статистика комитетинин кызматкерлеринин жана стажерлорунун кадрдык иш кагаздарын жана эсебин жүргүзүү;

– Улуттук статистика комитетинин кызматкерлерине эмгек акыларын төлөө;

– Улуттук статистика комитетинин кызматкерлеринин убактылуу эмгекке жарамсыздыгына байланыштуу чыгымдарды төлөө;

– жарандык-укуктук бүтүмдөрдүн алкагында келишимдик укуктарды жана милдеттерди аткарууну жүзөгө ашыруу жана көрсөтүлгөн кызматтар, жумуштар жана жеткирилген товарлар үчүн акы төлөө;

– Улуттук статистика комитетине келгендерди, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жеке маалыматтар жөнүндө мыйзамдарынын чегинде Улуттук статистика комитетинен консультацияларды алган субъекттерди эсепке алуу (каттоо).

## 6. Жеке маалыматтарды иштетүүнүн тартиби жана шарттары

6.1. Пайдалануучунун жеке маалыматтарын иштеп чыгуу мөөнөтүн чектебестен, кандай гана болбосун мыйзамдуу ыкма менен, анын ичинде автоматташтыруу түзмөктөрүн пайдалануу менен же мындай түзмөктөрдү колдонбостон жеке маалыматтарды чогултуу, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу, топтоштуруу, бөгөт коюу, өчүрүү жана жок кылуу максатында ишке ашырылат.

6.2. Жеке маалыматтарды иштеп чыгуу Улуттук статистика комитети тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда, жеке маалыматтарды иштеп чыгуу жеке маалыматтар субъектинин макулдугусуз жүргүзүлүшү мүмкүн болгон учурларда гана жүзөгө ашырылат.

6.3 Жеке маалыматтар Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик бийлик органдарына Кыргыз Республикасынын

мыйзамдарында белгиленген негиздерде жана тартипте гана берилиши мүмкүн.

6.4 Улуттук статистика комитети жеке маалыматтарды иштеп чыгууда жеке маалыматтарды уруксатсыз же кокустан ага жетүүдөн, жок кылуудан, өзгөртүүдөн, бөгөт коюдан, көчүрүүдөн, берүүдөн, жайылтуудан, ошондой эле жеке маалыматтарга карата башка уруксатсыз аракеттерден коргоо үчүн зарыл болгон укуктук, уюштуруучу жана техникалык чараларды кабыл алат же кабыл алууну камсыз кылат.

6.5 Жеке маалыматтарды иштеп чыгууну токтотуунун шарты жеке маалыматтарды иштеп чыгуу максаттарына жетишүү, жеке маалыматтарды актуалдаштыруу, жанылоо, ошондой эле жеке маалыматтар субъектинин арызынын негизинде же соттун чечиминин (актысынын) негизинде аныкталган жеке маалыматтарды мыйзамсыз иштетүүнү аныктоо болушу мүмкүн.

6.6. Жеке маалыматтар чогултулган максаттарга жетүү үчүн зарыл болгон убакыттан узак сакталбашы керек.

Сактоо мөөнөттөрү жеке маалыматтар субъектинин кызыкчылыктары үчүн же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурда гана узартылышы мүмкүн.

6.7 Улуттук статистика комитети иштеп чыгуу максаттарына жетүү максатында, маалыматтарды алуучу ушул маалыматтардын купуялуулук режимин сактоого милдеттүү болгон шартта, жеке маалыматтар субъектинин макулдугу менен үчүнчү жактарга жеке маалыматтарды берүүгө укуктуу.

## 7. Улуттук статистика комитетинин негизги укуктары жана милдеттери

7.1. Улуттук статистика комитети төмөнкүлөргө укуктуу:

– жеке (персоналдык) маалыматтарды коргоону камсыз кылууга;

– Кыргыз Республикасынын жеке маалыматтар чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык статистикалык максаттарга жетүү үчүн зарыл болгон мезгил ичинде идентификаторлору менен жеке маалыматтарды иштеп чыгууну жана сактоону жүзөгө ашырууга милдеттүү;

– мамлекеттик органдардан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан өздөрүнүн карамагында болгон маалыматтарды расмий статистиканы өндүрүү үчүн зарыл болгон деталдаштыруу деңгээлинде алууга, анын ичинде зарыл болгон учурда идентификаторлору менен жеке (персоналдык) маалыматтарды алууга укуктуу;

– Улуттук статистика системада жетиштүү маалыматтар жеткиликтүү болбосо жана Улуттук статистика системадан тышкаркы мамлекеттик жана жергиликтүү башкаруу органдары тарабынан башкарылатын учурдагы маалыматтар булактарынан алынышы мүмкүн болбосо, расмий статистиканы өндүрүү үчүн керектүү, зарыл болгон жеке маалыматтарды түздөн-түз респонденттерден чогултууну жүзөгө ашырууга укуктуу;

– субъект тарабынан берилген жеке маалыматтарды тактоого укуктуу;

– статистикалык маалыматтар чыгарылганга чейин алардын корголушун камсыз кылууга милдеттүү;

– ыйгарым укуктуу эмес адамдардын тарабынан жеке маалыматтарга жеткиликтүүлүгүн болтурбоо үчүн жөнгө салуучу, административдик, техникалык жана уюштуруу чараларын көрүүгө.

7.2 Улуттук статистика комитети расмий өтүнүчкө ылайык идентификаторлорду камтыбаган жана изилдөө максаттары үчүн зарыл болгон маалыматтар менен чектелбеген көз карандысыз изилдөө иштерин жүргүзүү максатында өзүнүн жеке маалыматтарына жеткиликтүүлүктү мүмкүнчүлүгүн берүүгө укуктуу.

Ошол эле учурда, статистикалык жашыруундук принциби менен корголгон жеке маалыматтарга жеткиликтүүлүктү камсыз кылууга уруксат алганга чейин, Улуттук статистика комитети жана анын түзүмдүк бөлүмдөрү кабыл алуучу тараптын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жашыруун маалыматтарды коргоо боюнча техникалык инфраструктурага жана уюштуруу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ экендигине ынанууга тийиш.

7.3 Улуттук статистика комитети жеке маалыматтар субъекти тарабынан берилген жеке маалыматтарды ушул Саясатка жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чогултат, пайдаланат жана коргойт.

7.4. Улуттук статистика комитети төмөнкүлөргө милдеттүү:

– жеке маалыматтарга уруксатсыз же кокустан жеткиликтүүлүктөн же маалыматдарды өзгөртүүдөн, бөгөттөөдөн, көчүрүүдөн, берүүдөн, жайылтуудан, ошондой эле жеке маалыматтарга карата башка уруксатсыз аракеттерден коргоо үчүн зарыл болгон укуктук, уюштуруу-техникалык чараларды көрүүгө жана (же) алардын кабыл алынышын камсыз кылууга милдеттүү;

– Кыргыз Республикасынын "Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө" мыйзамында белгиленген тартипте жеке маалыматтарды иштеп чыгууга;

– жеке маалыматтардын маалыматтык системаларында иштетүү учурунда жеке маалыматтардын коопсуздугун жана корголушун камсыз кылууга карата талаптарды Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген маалымат системаларында иштеп чыгууда жеке маалыматтардын корголушунун деңгээлдерине ылайык аткарууга тийиш;

– жеке маалыматтар менен иштөөнүн өзгөчө шарттарына, корголгон маалыматтын наркына жана аны коргоо боюнча чаралардын наркына, ошондой эле техникалык өнүгүү деңгээлин эске алуу менен жеке маалыматтардын коопсуздугуна коркунучтардын тизмесин бекитүү;

– жеке маалыматтарды статистикалык максатта гана чогултуу жана иштетүү;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык жеке маалыматтардын жашыруундугун жана коргоосун камсыз кылуу;

– уруксатсыз адамдардын жеке маалыматтарга жеткиликтүүлүгүн болтурбоо үчүн жөнгө салуучу, административдик, техникалык жана уюштуруу чараларын кабыл алуу;

– статистикалык максаттарда колдонуунун зарылдыгы жок болгон учурдан тартып жеке маалыматтарды жок кылууга;

– Улуттук статистика комитетине жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнө өткөрүлүп берилген маалыматтарды чогултуунун кагаз жана электрондук формаларында колдонулган идентификаторлорду административдик маалыматтарды берүүчүлөр менен макулдашуу боюнча статистикалык максаттарда колдонуунун зарылдыгы жок болгон учурдан тартып жок кылууга укуктуу;

– жеке маалыматтарды иштеп чыгуу маселелери боюнча жеке маалыматтар субъектисинин кайрылууларын кароого жана арыз берилген учурдан тартып бир жумалык мөөнөттө жооп берүүгө тийиш;

– жеке маалыматтар субъектисине анын жеке маалыматтарына акысыз жеткиликтүүлүктү мүмкүнчүлүгүн берүүгө;

– жеке маалыматтар субъектинин өтүнүчүнө байланыштуу жеке маалыматтарды жаңыртуу боюнча чараларды көрүүгө;

– жеке маалыматтардын коопсуздугун жана ишеничтүүлүгүн, ошондой эле ченемдик тартипте белгиленген аларга жеткиликтүүлүк режимин камсыз кылуу;

– субъекттин талабы боюнча ал жөнүндө жеке маалыматтардын бар экендиги жөнүндө маалыматты, ошондой эле жеке маалыматтардын өзүн берүүдөн баш тарткан учурда, Кыргыз Республикасынын "Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө" мыйзамынын 15-беренесинин тиешелүү пунктуна шилтемени камтыган жазуу жүзүндөгү жүйөлүү жоопту субъект кайрылган учурдан тартып бир жумадан ашпаган мөөнөттө берүүгө укуктуу;

– мамлекеттик сатып алуулар, мамлекеттик социалдык тартип жана мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, толук статистикалык купуялуулук камсыз кылынган учурда гана үчүнчү жактар менен келишимдик мамилелерди түзүү.

7.5. Кызматтык абалынын аркасынан жеке маалыматтарды таанып-билген Улуттук статистика комитетинин кызматкерлери бул жеке маалыматтардын купуялуулугун камсыз кылуу боюнча милдеттенмелерди алышат жана жоопкерчилик тартышат.

Мындай милдеттенмелер бул адамдардын жеке маалыматтар менен иштөөсү аяктагандан кийин да Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген купуялуулук режимин сактоо мөөнөтүнүн ичинде күчүндө калат.

7.6 Расмий статистика тармагындагы келишимдик мамилелерге киргенде купуялуулукту сактоо боюнча милдеттенмесине төмөнкүлөр тарабынан кол коюлат:

1) Улуттук статистика комитетинин бардык штаттык жана убактылуу кызматкерлери, ошондой эле расмий статистиканын башка өндүрүүчүлөрү тарабынан;

2) Улуттук статистика системага кирбеген, бирок санак жана изилдөө иштерине катышкан адамдар тарабынан;

3) статистикалык купуялуулук принциби менен корголгон маалыматтарга жеткиликтүү болууга уруксаты бар башка жактар тарабынан.

Бул милдеттенме аталган адамдарга карата, алар функцияларды аткарууну токтоткондон кийин да күчүндө кала берет.

## 8. Жеке маалыматтар субъекттеринин укуктары

8.1 Жеке маалыматтардын субъектиси Улуттук статистика комитетинен жеке маалыматтардын массивдерин ээси катары тарабынан анын жеке маалыматтарын иштетүүгө байланыштуу тиешелүү маалыматтарды алууга укуктуу, анын ичине төмөнкүлөр камтылат:

- жеке маалыматтар массивинин ээси тарабынан (Улуттук статистика комитети тарабынан) жеке маалыматтарды иштеп чыгуу фактысын тастыктоо;
- жеке маалыматтарды иштетүүнүн укуктук негиздерин жана максаттарын тастыктоо;
- Улуттук статистика комитетинин (жеке маалыматтар массивинин ээси) тарабынан колдонгон жеке маалыматтарды иштеп чыгуунун максаттары жана ыкмалары;
- Улуттук статистика комитетинин бөлүмчөсүнүн (жеке маалыматтар массивинин ээсинин) аталышы жана жайгашкан жери, Улуттук статистика комитети (жеке маалыматтар массивинин маалыматтарынын ээси катары) менен түзүлгөн келишимдин негизинде же мыйзамдын негизинде жеке маалыматтарга жеткиликтүү мүмкүнчүлүгү бар же жеке маалыматтарга ээ болгон адамдар жөнүндө маалымат;
- тиешелүү жеке маалыматтар субъектине тийиштүү иштетилип жаткан жеке маалыматтар, жана алардын алуу булагы;
- жеке маалыматтарды иштетүү шарттары, мөөнөттөрү, анын ичинде аларды сактоо шарттары, мөөнөттөрү;
- жеке маалыматтардын субъектинин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган укуктарын ишке ашыруу тартиби;
- иш жүзүндөгү бүткөрүлгөн же же пландаштырылган трансчегаралык маалыматтарды берүү жөнүндө маалымат;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка маалыматтар.

8.2 Жеке маалыматтардын субъектилери дагы төмөнкүлөргө укуктуу:

- Кыргыз Республикасынын "Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө"мыйзамында каралгандан башка учурларда, Улуттук статистика

комитетинде анын жеке маалыматтарын иштеп чыгуу жөнүндө маалыматтарды алууга, өзүнүн жеке маалыматтарын алууга, анын ичинде алардын жеке маалыматтарын камтыган ар кандай жазуулардын көчүрмөсүн алууга укуктуу;

– Улуттук статистика комитетинен анын жеке маалыматтарын тактоону, эгерде алар толук эмес, эскирген, так эмес, мыйзамсыз алынган же билдирилген иштетүү максаты үчүн зарыл деп табылышы мүмкүн болбогон учурда аларды бөгөттөөнү же жок кылууну Улуттук статистика комитетинен талап кылууга, ошондой эле өзүнүн укуктарын коргоо боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган чараларды көрүүгө;

– жеке маалыматтар толук эмес, эскирген, так эмес, мыйзамсыз алынган же иштеп чыгуунун белгиленген максаттары үчүн зарыл болбогон учурларда өзүнүн жеке маалыматтарын тактоого, бөгөт коюуга же жок кылууга;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка укуктарды ишке ашырууга.

8.3 Жеке маалыматтар субъектиси Улуттук статистика комитетинин иш-аракеттерине же иш-аракетсиздигине жана анын өз укуктарын коргоо боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган чараларды кабыл алуусуна, анын ичинде жеке маалыматтар боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга кайрылууга укуктуу.

8.4. Жеке маалыматтардын субъектиси өзүнүн укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого, анын ичинде келтирилген зыяндын ордун толтурууну жана/же моралдык зыяндын ордун толтурууну сотко берүүгө укуктуу.

## 9. Иштетилүүчү жеке маалыматтардын көлөмү жана категориялары, жеке маалыматтар субъектилеринин категориялары

9.1. Улуттук статистика комитети тарабынан иштеп чыгуучу жеке маалыматтарга төмөнкүлөр кирет:

1) жашаган жеринин дареги;
2) туулган жылы;
3) туулган күнү;
4) жеке идентификациялык номери;
5) жарандыгы;
6) кирешеси;
7) туулган жери;
8) билими;
9) үй-бүлөлүк абалы;
10) класстык чини;
11) жынысы.

9.2. Улуттук статистика комитети тарабынан иштелүүчү жеке маалыматтардын өзгөчө категорияларына төмөнкүлөр кирет:

– улуту;

– медициналык мүнөздөгү маалыматтары.

9.3. Улуттук статистика комитети иштетилип жаткан жеке маалыматтардын мазмунунун жана көлөмүнүн иштетүүнүн билдирилген максаттарына шайкеш келишин камсыздайт жана зарыл болгон учурда иштетүүнүн белгиленген максаттарына карата алардын ашыкчалыгын жоюу боюнча чараларды көрөт.

9.4. Расалык же этностук тегин, улуттук таандыктыгын, диний ынанымдарын ачып көрсөтүүчү, ошондой эле ден соолугунун абалына тиешелүү жеке маалыматтардын атайын категорияларын иштеп чыгуу Улуттук статистика комитети тарабынан ченемдик укуктук актылардын талаптарынын негизинде гана жана Кыргыз Республикасынын "Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө" мыйзамынын 8-беренесине так ылайык жүзөгө ашырылат.

9.5. Жеке маалыматтардын тизмектери жана жеке маалыматтар субъекттеринин категориялары Улуттук статистика комитетинде ушул саясатка өзгөртүүлөрдү милдеттүү түрдө бекитүү жана жеке маалыматтар субъекттерине ар кандай жеткиликтүү ыкма менен (расмий сайт, кулактандыруу, билдирүү, электрондук почтага билдирүү жөнөтүү Ж. Б.) кабарлоо менен кайра каралышы мүмкүн.

## 10. Жеке маалыматтарды жаңылоо, оңдоо, өчүрүү жана жок кылуу

10.1. Жеке маалыматтардын анык эместигинин же аларды иштеп чыгуунун укукка ылайыксыздыгынын фактысы ырасталган учурда, жеке маалыматтарды чогултуунун, сактоонун жана Улуттук статистика комитетинин иштеп чыгуусунун мыйзамдуулугуна жараша жеке маалыматтар актуалдаштырылууга, бөгөттөлүүгө же жок кылынууга тийиш, же тиешелүү түрдө аларды иштеп чыгуу токтотулууга тийиш.

10.2. Жеке маалыматтардын анык эместиги же аларды иштеп чыгуунун укукка ылайыксыздыгы фактылары боюнча жеке маалыматтар субъектиси түздөн-түз Улуттук статистика комитетине же жеке маалыматтар боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга кайрылууга укуктуу.

10.3. Жеке маалыматтар субъектинин жазуу жүзүндөгү суроо-талабы боюнча Улуттук статистика комитети жеке маалыматтарды иштеп чыгуу жөнүндө маалыматты төмөнкү маалыматтарды чагылдыруу менен билдирүүгө милдеттүү:

– Улуттук статистика комитети (жеке маалыматтар массивинин ээси) тарабынан жеке маалыматтарды иштеп чыгуу фактысын тастыктоо;

– жеке маалыматтарды иштетүүнүн укуктук негиздери жана максаттары;

– жеке маалыматтар массивинин кармоочу (ээси) тарабынан жеке маалыматтарды иштетүүнүн максаттары жана ыкмалары;

– жеке маалыматтар массивинин кармоочунун (ээсинин) аталышы жана жайгашкан жери, жеке маалыматтарга жеткиликтүү мүмкүнчүлүгү бар кызматкерлеринен башка же Улуттук статистика комитети (жеке

маалыматтар массивинин ээси катары) менен келишимдин негизинде же мыйзамдын негизинде берилиши мүмкүн болгон адамдар жөнүндө маалымат (жеке маалыматтар массивинин кармоочунун/ээсинин кызматкерлеринен тышкары);

– жеке маалыматтардын субъектине тиешелүү жеке маалыматтар, аларды алуу булагы;

– жеке маалыматтарды иштетүү мөөнөттөрү, анын ичинде аларды сактоо мөөнөттөрү;

– жеке маалыматтардын субъектинин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган укуктарын ишке ашыруу тартиби;

– иш жүзүндөгү же пландаштырылган трансчегаралык маалыматтарды берүү жөнүндө маалымат;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка маалыматтар.

10.4. Эгерде субъект суралган маалыматка жетүү укугуна ээ болбосо, же субъекттин ага өзүнүн жеке маалыматтарын берүүгө мыйзамда белгиленген укуктары чектелген болсо, анда ага субъект кайрылган учурдан тартып бир жумадан ашпаган мезгил ичинде себептүү баш тартуу жөнөтүлөт.

10.5. Сактоо мөөнөтү аяктагандан жана жеке маалыматтарды чогултуу максаттарына жеткенден кийин алар эки жуманын ичинде жок кылынууга тийиш, жана жок кылуу актысы менен ырасталат.

## 11. Жеке маалыматтардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча чаралар

11.1. Улуттук статистика комитети жеке маалыматтарды иштеп чыгууда аларды укукка жат же кокустан жетүүдөн, жок кылуудан, өзгөртүүдөн, тосмолоодон, көчүрүүдөн, берүүдөн, жайылтуудан, ошондой эле аларга карата башка укукка жат аракеттерден коргоо үчүн бардык зарыл болгон укуктук, уюштуруучулук жана техникалык чараларды көрөт.

11.2. Улуттук статистика комитети жеке маалыматтар боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилген типтүү тизменин, коркунучтарды аныктоо методикасынын негизинде Улуттук статистика комитетинин маалыматтык системаларында жеке маалыматтарды иштетүүдө жеке маалыматтардын коопсуздугуна коркунучтардын белгилүү тизмектери жөнүндө ички ведомстволук актыларды иштеп чыгат жана бекитет. Бул актылар Улуттук статистика комитетинин баш ийген ведомстволук жана аймактык органдары (жеке маалыматтар массивинин кармоочулары (ээлери) тарабынан милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш.

11.3 Улуттук статистика комитетинин маалыматтык системаларында жеке маалыматтарды иштетүүдө жеке маалыматтарды коргоонун төрт деңгээли белгиленет.

Жеке маалыматтардын корголуу деңгээлин тандоо Улуттук статистика комитетинин, жеке маалыматтар массивин кармоочу (ээси) катары,

тарабынан иштелип чыккан жана бекитилген коркунучтардын тизмесине киргизилген жеке маалыматтардын коопсуздугуна коркунучтардын рейтингине жараша аныкталат.

Жеке маалыматтардын коопсуздугунун рейтинги Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы №760 токтому менен бекитилген коркунучтарды аныктоо методикасынын критерийлеринин негизинде аныкталат.

11.4 Жеке маалыматтардын коопсуздугун камсыз кылуу төмөнкүлөр аркылуу ишке ашырылат:

– Улуттук статистика комитетинде жеке маалыматтарды иштеп чыгууну жана коопсуздугун жана маалыматтык коопсуздукту камсыз кылууну уюштуруу үчүн жооптуу адамды дайындоо;

– жеке маалыматтарды иштетүү жана коргоо чөйрөсүндөгү ички ченемдик укуктук актыларды жана башка документтерди кабыл алуу;

– жеке маалыматтарды коргоо боюнча талаптарды канааттандыруу үчүн зарыл болгон жеке маалыматтарды иштетүү учурунда жеке маалыматтардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча уюштуруу-техникалык чараларды колдонуу;

– жеке маалыматтарды иштеп чыгууга түздөн-түз катышкан Улуттук статистика комитетинин борбордук аппаратынын, баш ийген ведомстволук жана аймактык органдарынын кызматкерлерин жеке маалыматтар жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жоболору менен, анын ичинде жеке маалыматтарды коргоо талаптары жана жеке маалыматтарды иштетүү боюнча тиешелүү ведомстволук актылар менен тааныштыруу;

– жеке маалыматтарга уруксатсыз жеткиликтүүлүктү аныктоо жана тийиштүү чараларды көрүү;

– жеке маалыматтардын коопсуздугун жана жеке маалыматтардын маалыматтык системаларын коргоо деңгээлин камсыз кылуу боюнча кабыл алынган чараларды көзөмөлдөө;

– жеке маалыматтар чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка чаралар.

## 12. Акыркы жоболор

12.1 Ушул Саясатта чагылдырылбаган жеке маалыматтарды иштетүүгө байланышкан тиешелүү бардык мамилелер Кыргыз Республикасынын “Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө” мыйзамынын жоболоруна ылайык жөнгө салынат.

12.2 Ушул Саясат Улуттук статистика комитетинин төрагасынын буйругу менен бекитилет. Ушул Саясатка өзгөртүүлөр жана толуктоолор Улуттук статистика комитетинин жетекчилигинин демилгеси менен киргизилет жана Улуттук статистика комитетинин төрагасынын буйругу менен бекитилет.